КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

**Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ФИЛОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ**

**ЖАМУнун Окумуштуулар**
**Кеңешинде талкууланды. №1**
**протокол 26-август 2024-ж.**

**БЕКИТЕМ**
**ЖАМУнун ректору, профессор**
**__________ Үсенов К.Ж.**
**«26» 08 2024-ж.**

# ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

**Багыты:**
**550300 ФИЛОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ**

**Даярдоо профили:**
**кыргыз тили жана адабияты**

**Квалификациясы: бакалавр**

**окутуу формасы:**
**күндүзгү**

Негизги билим берүү программасы (НББП) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан иштелип чыккан жогорку кесиптик билим берүүнүн 550300 Филологиялык билим берүү багыты боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын талабына ылайык түзүлдү.

НББП кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын 2024-жылдын "2.09" жыйынында каралды жана №1 протокол менен бекитилди.

**Иштеп чыккандар:**

Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын башчысы, ф.и.д. Абдувалиев И.

Филология факультетинин деканы, ф.и.к. Асылбекова Ч..А.

Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын улук окутуучусу, ф.и.к. Кочорова Г.О.

**Иш берүүчүлөрдүн окулдору:**

Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы С.Атабеков атындагы №88 жалпы орто билим берүү мектебинин мекемесинин директору, кыргыз тили жана адабияты мугалими____________ Сапарбекова З.К.

Жалал-Абад шаарындагы А.Усман атындагы №7 жалпы орто билим берүүчү мектебинин директору, кыргыз тили жана адабияты мугалими ____________ Асанбекова З.Ш.

**НББПнын эксперттери:**

Борбор Азия эл аралык медициналык университетинин китепканасынын башчысы, ф.и.к. ____________ Турдубаева А. М.

К.Ш.Токтомаматов атындагы эл аралык университетинин педагогика кафедрасынын доценти, ф.и.к.____________ Султанова А.А.

**Бүтүрүүчүлөр:**

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Таш-Көмүр инженердик-педагогикалык факультетинин филология жана педагогика кафедрасынын башчысы, улук окутуучу____________ Нурматова Г.М.

Заманбап эл аралык университетинин колледжинин окутуучусу____________ Тажибаева Н.М.

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Жалал-Абад педагогикалык колледжинин окутуучусу ____________ Тажибаева Д.Т.

**МАЗМУНУ**


**1. Жалпы жобо ...... ………………………………………………………………..............**4

**1.1**. Негизги билим берүү программасы (аныктама)…..........……………..……..…………...4

**1.2**. Терминдер, аныктамалар, белгилер, кыскартуулар……..………………..…...................4

**1.2.2.** Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөндөгү кыскартуулар............................5

**2. Колдонуу тармагы ……………..……………….....................……..……....……………6**

**2.1.** Мамлекеттик билим берүү стандарты бакалаврларды даярдоо ……………………..……..6

**2.2.** 550300 Филологиялык билим берүү багыты боюнча ЖКББ МББС……………………6

**2.3.** Абитуриенттердин даярдыгынын деңгээлине талаптар……………………………...……6

**3. Даярдоонун багыттарынын жалпы мүнөздөмөсү ………..................................... .........**7

**3.1.**Кыргыз Республикасында **550300 Филологиялык билим берүү** багыты боюнча ишке ашырылышы.........................................................................................................................7

**3.2.** ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү .........................................................7

**3.3**. ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу ..........................................7

**3.4.**Бакалаврды даярдоодо НББПнын максаттары ……………………………………………8

**3.5.** Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердик чөйрөсү………...........................……………..…9

**3.6.** Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн объектилери...........................................9

**3.7.** Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү:..................................................9

**3.8.** Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин милдеттери...................................................10

**4. НББПны ишке киргизүүнүн шарттарына коюлган талаптар ......................... ........** 10

**4.1**. НББПны ишке ашырууда ЖАМУнун укуктарына жана милдеттерине коюлган жалпы талаптар ...............................................................................................................................10

**4.2**. НББПны ишке ашырууда студенттин укуктарына жана милдеттерине коюлган жалпы талаптар ...............................................................................................................................12

**4.3**. Студенттин окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү ……………………………….........…..12

**4.4.** Күндүзгү (кечки) окуу формасында аудиториялык сабактардын көлөмү ......................12

**4.5.** Сырттан окуу формасында студенттин окутуучу менен сабак окуу мүмкүнчүлүгү......12

**4.6.** Окуу жылындагы каникулдук убакыттын жалпы көлөмү...............................................12

**5. Бакалаврды даярдоодо НББПнын структурасына коюлган талаптар**…..………....12

**5.1.**Бакалаврды даярдоонун НББПсын өздөштүрүүнүн натыйжаларына карата талаптар....12

**5.2.**Бакалаврларды даярдоонун НББПнын түзүмүнө талаптар...............................................14

**5.3.**Бакалаврлардын негизги окуу программаларын ишке ашыруу шарттарына коюлуучу талаптар...............................................................................................................17

**Тиркемелер. …**……………………………………………..….............……...….. 20

## ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

Багыты: **550300 Филологиялык билим берүү**
Профили: **кыргыз тили жана адабияты**
Квалификациясы: б**акалавр**

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

### 1.1. Негизги билим берүү программасы (аныктама)

ЖАМУда **550300 Филологиялык билим берүү** багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча бакалаврды даярдоо боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасы билим берүү чөйрөсүндө аймактын эмгек рыногунун талаптарын эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамдарына жана башка нормативдик укуктук актыларына ылайык Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде даярдоонун аталган багыты боюнча иштелип чыгып, бекитилген окуу-усулдук документтерди өзүнө камтыйт.

Аталган негизги билим берүү программасы максатын, күтүлүүчү натыйжаларды, билим берүү процессинин мазмунун, шартын жана колдонуунун технологияларын, аталган багыт боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын балоону жөнгө салат жана өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: а) окуу планы; б) жумушчу окуу планы; в) НББПдагы компетенциялар картасын; г) окуу планындагы базалык дисциплиналардын программаларынын аннотацияларын; д) окуу планындагы ЖОЖдук компоненттердеги дисциплиналардын жана элективдик курстардын программаларынын аннотацияларын;
е) педагогикалык практикалардын программаларынын аннотациясын; ж) бүтүрүүчү мамлекеттик аттестацияга коюлган талаптарды.

**НББПны иштеп чыгууга негиз болгон нормативдик документтер**

Бакалаврдын НББПсын иштеп чыгуунун нормативдик базасы төмөнкүлөрдөн турат:

- Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августу №179 «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы;

- 550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты, квалификациясы: бакалавр;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагы боюнча нормативдик укуктук актылары;
- ЖАМУнун Уставы;
- ЖАМУнун «Окуу процессин окутуунун кредиттик технологияларынын (ECTS) негизинде уюштуруу жөнүндөгү" Жобосу;
- ЖАМУнун "Дисциплиналардын жумушчу программаларынын жана силлабустарынын мазмуну жана түзүлүшү жөнүндөгү" Жобосу;
- ЖАМУнун "Окуу-усулдук комплекс (УМК) жөнүндөгү" Жобосу;
- ЖАМУнун "Адаптациялык практиканы өткөрүү жөнүндөгү" Жобосу;
- ЖАМУнун "Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик аттестациясы жөнүндөгү" Жобосу;
- ЖАМУнун "Билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жөнүндөгү" Жобосу;
- ЖАМУнун "Студенттерди учурдагы текшерүү жана аралыктагы аттестациясы жөнүндөгү" Жобосу.

## 1.2. ТЕРМИНДЕР, АНЫКТАМАЛАР, БЕЛГИЛЕР, КЫСКАРТУУЛАР

Жогорку кесиптик билим берүүнүн бул негизги билим берүү программасында Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамына жана жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсү үчүн Кыргыз Республикасы тарабынан кабыл алынган эл аралык документтерге ылайык төмөнкүдөй терминдер жана аныктамалар колдонулат:

**негизги билим берүү программасы** – максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, мазмунду жана даярдоонун тиешелүү багыттары боюнча билим берүү процессин ишке ашырууну иреттөөчү окуу-усулдук документтердин жыйындысы;

**даярдоонун багыты** – фундаменталдык даярдоонун жалпылыгынын негизинде интеграциялануучу түрдүү профилдеги жогорку кесиптик билимдүү кадрларды (бакалавр, магистр жана адистер) даярдоо үчүн билим берүү программаларынын жыйындысы;

**модуль** – окутуунун, тарбиялоонун көрсөтүлгөн максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу дисциплинасынын бир бөлүгү;

**профиль – негизги билим берүү программасынын** белгилүү бир түргө багытталуусу жана (же) **кесиптик** ишмердиктин объектиси;

**компетенция** – белгилүү бир чөйрөдө эффективдүү, жемиштүү иштөөсү үчүн зарыл болгон окуучунун (студенттин) билим алуу даярдыгына алдын ала коюлган коомдук талап (норма);

**бакалавр** – магистратурага кирүүгө жана кесиптик ишти жүзөгө ашырууга укук берген жогорку кесиптик билимдин квалификация деңгээли;

**магистр** – аспирантурага жана (же) негизги докторантурага (PhD / профиль боюнча) окууга кабыл алуу жана кесиптик ишти жүзөгө ашырууга укук берген жогорку кесиптик билимдин квалификация деңгээли;

**чегерим бирдик (кредит)** – негизги кесиптик билим берүү программасынын сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү;

**окутуунун натыйжалары** – негизги билим берүү программасы / модулу боюнча окуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар;

**жалпы илимий компетенциялар** – кесиптик ишмердиктин бардык (же көпчүлүк) түрлөрү үчүн жалпы деп саналган мүнөздөмөлөр: окууга, анализге, синтезге жөндөм ж.б.;

**инструменталдык компетенциялар** төмөнкү нерселерди камтыйт – когнитивдик жөндөмдөр, түшүнүү жана идеялар менен ой жүгүртүүлөрдү колдонуу жөндөмү; методологиялык жөндөмдөр, айдана-чөйрөнү түшүнүү жана башкаруу, убакытты

уюштура билүү, окутуу стратегияларын тизмектөө, чечимдерди кабыл алуу жана көйгөйлөрдү чечүү жөндөмдөрү; технологиялык билгичтиктер, техниканы колдонуу менен байланышкан билгичтиктер, компьютердик билимдер жана маалыматтык башкаруу жөндөмдөрү; лингвистикалык билгичтиктер, коммуникативдик компетенциялар;

**коомдук-личносттук жана жалпы маданий компетенциялар** – сын ой жүгүртүү жана өзүн-өзү сындай билүү жөндөмү, сезимдерди билдирүү жана мамиле түзүү билгичтиктери менен байланышкан жеке жөндөмдөр, ошондой эле коомдук өз ара аракеттешүү жана кызматташуу процесстери, топтордо иштөө, коомдук жана этикалык милдеттемелерди алуу билгичтиктери менен байланышкан коомдук билимдер;

**кесиптик стандарт** – кесиптик ишмердиктин белгилүү бир түрүнүн чегинде анын мазмунуна жана сапатына карата талаптарды аныктаган жана кызматкердин ал ишмердик түрүнүн кандай экендигине карабай каалаган уюмда өзүнүн штаттык ордун укуктук жактан ээлөөгө татыктуу болууга милдеттүү болгон сапаттык деңгээлди сүрөттөй турган негизги документ.

**1.2.2. Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөндөгү кыскартуулар колдонулат:**

**МББС** - мамлекеттик билим берүү стандарты
**ЖКББ** - жогорку кесиптик билим берүү
**НББП** - негизги билим берүү программасы
**ОМБ** - окуу-методикалык бирикме
**НББП ОСЦ** - негизги билим берүү программасынын окуу сабактарынын цикли
**КЧКЕС** - кредиттерди чогултуунун жана которуунун европалык системасы
**ЖК** - жалпы компетенциялар (инструменталдык, системалуу, межличносттук)
**КК** - кесиптик компетенциялар
**КЛЖМК** - коомдук-личносттук жана жалпы маданий компетенциялар.

## 2. КОЛДОНУУ ТАРМАГЫ

**2.1.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары - ЖКББ МББС) бакалаврларды даярдоо багыты боюнча негизги билим берүү программаларын ишке ашыруудагы милдеттүү ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысы жана **550300 Филологиялык билим берүү** багыты боюнча уюштуруучулук-усулдук документтерди иштеп чыгуу, лицензиясы же Кыргыз Республикасынын аймагында мамлекеттик аккредитациясы (аттестациясы) бар, бардык жогорку кесиптик билим берүүчү билим берүү мекемелеринин (мындан ары - ЖОЖдор), уюштуруучулук-укуктук формаларына карабастан жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүү сапатын баалоо үчүн негиз болуп эсептелет.

НББПны колдонуучулар: ЖАМУнун жетекчилиги, профессордук-окутуучулук курам жана студенттер, жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндө билим сапатын көзөмөлдөөчү жана аккредитациялоону ишке ашыруучу структуралык бөлүмдөр, кесиптик билим берүү чөйрөсүнө тиешелүү иш берүүчүлөр, бүтүрүүчүлөр.

**2.2.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн базасында бакалаврдын НББПсын өздөштүрүүгө зарыл болгон даярдоо деңгээлине коюлган талаптар.

**550300 Филологиялык билим берүү** багыты боюнча ушул ЖКББ МББСын негизги пайдалануучулар төмөнкүлөр:

– ЖАМУнун администрациясы жана илимий-педагогикалык курамы (профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер) – өздөрүнүн ЖОЖдорунда негизги кесиптик билим берүү программаларын илимдин, техниканын жана коомдук чөйрөнүн жетишкендиктерин эсепке алуу менен иштеп чыгууга, аны натыйжалуу ишке киргизүүгө жана жаңылоого жооптуулар;

– ЖАМУнун даярдоонун ушул багыты боюнча негизги билим берүү

программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашырууга жооптуу студенттери;

– тийиштүү кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;

– билим берүү чөйрөсүндө тийиштүү мамлекеттик органдын тапшыруусу боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-усулдук бирикмелер жана кеңештер;

– жогорку кесиптик билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары;

– жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндө аттестацияны, аккредитацияны жана сапатка көзөмөлдү ишке ашыруучу, жогорку кесиптик билим берүү системасындагы мыйзамдардын сакталышын камсыз кылуучу аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары.

**2.3**. **Абитуриенттердин даярдыгынын деңгээлине талаптар**

**2.3.1.** «Бакалавр» – жалпы орто билим же кесиптик орто (же кесиптик жогорку) билим – квалификациясы ыйгарылып жогорку кесиптик билим алууга талапкер абитуриенттин билим деңгээли.

**2.3.2.** Абитуриент жалпы орто билим же кесиптик орто (же кесиптик жогорку) билим тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документке ээ болууга тийиш. Талапкерде болуу керек:

- мамлекеттик үлгүдөгү жалпы орто же орто кесиптик (же жогорку кесиптик) билими жөнүндөгү документи;
- жеткиликтүү баллы менен ЖРТдан өтүү сертификаты;
- коммуникативдик чөйрөгө, болочокторгу педагогикалык ишмердүүлүгүнө ден соолугунун жарамдуулугу жөнүндөгү медициналык документи;
- педагогикалык ишмердүүлүккө кызыгуусу жана бул кесипке жөндөмдүүлүгүнүн болушу.

## 3. ДАЯРДООНУН БАГЫТТАРЫНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**3.1.** Кыргыз Республикасында **550300 Филологиялык билим берүү** багыты боюнча төмөнкүлөр ишке ашырылат:

– бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББП;

– магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББП.

Бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББПны толугу менен өздөштүргөн жана белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтык аттестациясынан ийгиликтүү өткөн ЖАМУнун бүтүрүүчүлөрүнө «бакалавр» квалификациясын ыйгаруу менен жогорку билим тууралуу диплом берилет.

Магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПны толугу менен өздөштүргөн жана белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтык аттестациясынан ийгиликтүү өткөн ЖАМУнун бүтүрүүчүлөрүнө «магистр» квалификациясын ыйгаруу менен жогорку билим тууралуу диплом берилет.

**3.2. 550300 Филологиялык билим берүү багытындагы бакалаврды даярдоо боюнча НББПны өздөштүрүүнүн нормативдик мөөнөтү**

Күндүзгү окуу формасындагы жалпы орто же кесиптик орто билим базасында **550300 Филологиялык билим берүү** багыты боюнча бакалаврларды даярдоодо ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 4 жылды түзөт. Бакалавр даярдоо боюнча ЖКББ НББП башка нормативдүү мөөнөттөрү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

Бакалавр боюнча НББПны сырттан окуу бөлүмүндө дистанттык билим берүү технологияларын пайдалануу менен өздөштүрүү мөөнөтү ЖАМУ тарабынан күндүзгү окуу формасынан бир жылга узартылат.

Күндүзгү сырттан окуу (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча бакалаврларды даярдоодо, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалышкан учурда ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн мөөнөттөрү ЖАМУ тарабынан күндүзгү окуу формасындагы өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтүнө салыштырмалуу алты айдан бир жылга чейин узартылат.

Тийиштүү профиль боюнча орто кесиптик билимге же жогорку кесиптик билимге ээ адамдарга бакалаврды даярдоо боюнча ЖКББ НББПны тездетилген программалар боюнча өздөштүрүүгө укук берилет. Тездетилген программаларды ишке ашыруудагы окуу мөөнөтү студенттин башка окуу программасы боюнча орто кесиптик билим жана (же) жогорку билим алууда өздөштүргөн (өткөн) өзүнчө дисциплиналары (модулдары) жана (же) өзүнчө практикалары боюнча окуу жыйынтыктарын жарым-жартылай же толук кайра аттестациялоо (кайра зачет коюу) боюнча аныкталат.

Орто кесиптик билим профилинин жогорку кесиптик билим профилине шайкештиги ЖАМУ тарабынан өзүнчө аныкталат.

Тездетилген программаларды ишке ашыруунун чегинде күндүзгү окуу формасы боюнча орто кесиптик билим берүү базасында бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн мөөнөттөрү 3төн кем эмес жылды камтыйт.

Жекече окутуу планы боюнча окутууда, билим алуунун формаларына карабастан, окуу мөөнөтү ЖАМУ тарабынан өз алдынча белгиленет.

Сак-саламаттыгы жагынан мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарды жекече окутуу планы боюнча окутууда ЖАМУ мөөнөттү билим алуунун тийиштүү формалары үчүн бекитилген мөөнөткө салыштырмалуу узартып койгонго укуктуу.

Бакалаврларды жана магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

**3.3.** Бакалаврларды даярдоодогу ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу 240тан кем эмес кредитке барабар.

Күндүзгү окуу формасы боюнча окуу жылындагы ЖКББ НББПнын эмгек сыйымдуулугу 60тан кем эмес кредитке барабар.

Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30дан кем эмес кредитке барабар (окуу процесси эки семестрден түзүлгөн учурда).

Бир кредит (чегерим бирдик) студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичинде аудиториялык, өз алдынча иштер жана аттестациянын бардык түрлөрү бар).

Күндүзгү-сырткы (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча негизги билим берүү программасынын, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалышкан жана дистанттык билим берүү технологиялары пайдаланылган учурдагы эмгек сыйымдуулугу окуу жылы үчүн 48ден кем эмес кредитти түзөт.

**3.4.** Инсанды окутуу жана тарбиялоо чөйрөсүндө **550300 Филологиялык билим берүү** даярдоо багыты боюнча ЖКББ НББПнын максаттары:

550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча ЖКББ НББП студенттерде аталган багыт боюнча мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайык келген жана студенттерде максатка умтулгандык, уюштуруучулук, жоопкерчилик, атуулдук, коммуникативдүүлүк, толеранттуулук сыяктуу жалпы маданиятын өнүктүрүүчү, үзгүлтүксүз билим алуу чөйрөсүндө кесиби боюнча өзүн жана өз билимин өстүрүүгө багытталган универсалдык (жалпы илимий, инструменталдык, социалдык-инсандык жана жалпы маданий) жана кесиптик компетенцияларды калыптандырууну максат кылат.

НББПнын милдеттери:

- илимдин, университеттик билимдердин мыкты салттарын сактоо, алдыңкы университеттер жана дүйнөдөгү илимий мекемелер менен тыгыз кызматташуу аркылуу өлкөнүн жана коомдун жогорку билимдүү квалификациялуу илимий-педагогикалык кадрларга болгон талабын канааттандыруу;

- филологиялык билим берүү тармагындагы кесиптик милдеттерди чечүүгө, Кыргызстандын билим берүү, илим жана экономикасын өнүктүрүүгө жана атаандаштыкка жөндөмдүү, универсалдык, кесиптик жана эмгек рыногундагы туруктуулукка жана социалдык мобилдүүлүккө өбөлгө түзүүчү атайын компетенцияларга ээ болгон бакалаврды даярдоо;

- инновациялык технологияларды ишке киргизүү, окутуунун жаңы формаларын жана усулдарын ишке ашыруу, билим берүү программаларын жана окуу пландарын эл аралык стандартка ылайыкташтыруу жолу менен дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кошулуу;

- заманбап мектептин, педагогикалык илимдердин, техниканын, маданияттын жана аларды өнүктүрүү перспективаларынын талаптарын эске алуу менен, 550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профилиндеги бакалаврды даярдоонун сапатын жакшыртуу;

- билим берүү, маданият жана тарбиялоо проблемаларын чечүүгө багытталган илимий изилдөөлөрдү, окуу-педагогикалык эксперименттерди уюштуруу жана жүргүзүү, педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын билим берүү мекемесинде жайылтуу.

**3.4.1. 550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профилин даярдоонун НББП максаты катары төмөндөгүлөр эсептелет:**

*Окутуу багытында:*

- гуманитардык, социалдык, экономикалык, математика жана табигый илимдердин негиздери боюнча даярдоо;

- жогорку кесиптик профилдик (бакалавр деңгээлинде) предметтик-адистештирилген билимдерге жана аларды практикада пайдаланууга басым жасалган билимдерди берүү;

- педагогикалык ишмердүүлүккө болгон кызыгуусун арттыруу, педагогикалык мотивацияны калыптандыруу, студенттин логикалык ой жүгүртүүсүн жана өзүн-өзү сын көз менен кароо көндүмүн өнүктүрүү;

- коомдун руханий, адеп-ахлактык, маданий жана илимий баалуулуктарын сактоого, арттырууга өбөлгө түзүү; уюштургуч, жоопкерчиликтүү, коммуникативдүү, толеранттуу үзгүлтүксүз билим берүүнүн жана өзүнчө окуп билим алуунун чегинде өзүн-өзү өркүндөтүүгө жана өзүн реализациялоого умтулган, жогорку квалификациялуу кыргыз тили жана адабияты мугалимин даярдоо;

**3.4.2.** *Инсанды тарбиялоо багытында:*

550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профилин бүтүрүүчүлөрдө калыптандыруучу баалуулуктар:

- улуттук баалуулуктардын артыкчылыктарын өнүктүрүү, студенттерди патриотизм, гуманизм, адамзаттык баалуулуктарды сыйлоо, элдердин достугу жана толеранттуулук духунда тарбиялоо;

- эмгекти турмуштук зарылдык катары эсептөөгө, максатка умтулгандыкка, жоопкерчиликке жана ийкемдүүлүккө, турмуштун бардык чөйрөсүндө атаандаштыкка жөндөмдүүлүккө тарбиялоо;

- жалпы адамзаттык жана улуттук маданияттын жетишкендиктерин өздөштүрүү аркылуу студенттердин өзүн-өзү өнүктүрүүгө болгон талаптарын тарбиялоо;

- дени сак жашоого, уюштуруучулукка, ден соолугун, күч-кубатын чыңдоого тарбиялоо;

- коммуникативдүүлүгүн өстүрүү, ал аркылуу жалпы маданиятын жогорулатуу.

Жалпысынан алганда, 550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профилинин негизги билим берүү программасынын тарбиялоо жаатындагы максаты бүтүрүүчүдө күндөлүк эмгегине жана анын натыйжасына жоопкерчилик менен мамиле кылууга багытталган баалуулуктар системасын калыптандыруу болуп саналат. Мындан сырткары, бүтүрүүчү аймактын жана бүтүндөй өлкөнүн өнүгүшүндөгү өз ишмердүүлүгүнүн маанисин жана ролун түшүнүүгө, өз даярдыгын, билимин, тажрыйбасын үзгүлтүксүз пайдалануу процессине катышууга жана

жаңы компетенцияларды калыптандырууга, кесиптик жана жеке жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө, мындан аркы билим берүү траекторясын жана кесиптик карьерасын пландаштырууга тийиш.

**3.5. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердик чөйрөсү**

550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн чеги билим берүү, коомдук жана илим чөйрөсүн камтыйт.

Бүтүрүүчүлөр кесиптик ишмердигин башка тармактарда жана (же) кесиптик ишмердик чөйрөлөрүндө алардын билиминин жана алган компетенцияларынын деңгээли кызматкердин квалификациясынын талаптарына туура келген шартта гана ишке ашыра алышат.

**3.6. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн объектилери**

550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн чеги – билим берүү процесси, билим берүү чөйрөсү, окуучулардын ишмердүүлүгү, жеке педагогикалык ишмердүүлүк.

Иш берүүчүнүн талаптарына ылайык ишмердүүлүктүн артыкчылыктуу объектилери болуп, билим берүү чөйрөсү жана окуучулардын ишмердүүлүгү эсептелет.

**3.7. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү:** педагогикалык, уюштуруу-башкаруучулук, кесиптик өнүгүү.

Бүтүрүүчүлөрдү даярдап жаткан кесиптик ишмердүүлүктүн конкреттүү түрлөрү кызыктар болгон иш берүүчүлөр менен ЖАМУ тарабынан чогуу аныкталат.

Иш берүүчүнүн талаптарына ылайык ишмердүүлүктүн артыкчылыктуу түрлөрү болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- усулдук (кыргыз тилинин практикалык курсунун, кыргыз адабиятынын практикалык курсунун, кыргыз фольклорунун жана маданиятынын тарыхынын, кыргыз диалектологиясынын, стилистиканын, кыргыз тилинин тарыхынын, кыргыз адабий тилинин нормаларынын, текстке лингвистикалык талдоонун, котормонун теориясынын жана практикасынын, адабият теориясынын, түрк тилдеринин салыштырма грамматикасынын ж.б. негиздерин терең өздөштүрүү);
- илимий-изилдөө иштери (студенттердин чыгармачылык иши).

**3.8. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин милдеттери**

550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча бакалаврдын кесиптик ишмердүүлүгүндөгү милдеттер: окуу-педагогикалык, маданий-агартуучулук, илимий-усулдук, изилдөөчүлүк.

*Педагогикалык ишмердик чөйрөсүндө:*

- Айлана-чөйрө жөнүндөгү илимий билимдердин системасын колдонуу, ар түрдүү көз караштарды, маданий ар түрдүүлүктү кабылдоо, туруктуу өнүгүү концепцияларын билүү жана түшүнүү;
- Окуу процессин окуучулардын заманбап, илимий негизделген окуу технологиялары боюнча талаптарына, жетишкендиктерине ылайык пландаштыруу жана ишке ашыруу;
- Окуучулардын жетишкендигин баалоонун ар түрдүү аспаптарын жана критерийлерин (рефераттык маалыматтар, баяндамалар, тезистер, эссе, портфолио, кейс-стади ж.б.) колдонуу;
- Окуу программасын өз алдынча тандоо, ага карата дидактикалык материалдарды иргөө, иштеп чыгуу жана окуу процессинде педагогикалык рефлексиянын негизинде колдонуу;
- Окуучулардын демократиялык коомдо жашоо үчүн зарыл баалуулук багыттарын: жарандык жана патриоттук ишенимдерин, толеранттуулугун, маданий көп түрдүүлүгүн, коомдук укуктарын, инклюзияны кабылдоосун калыптандыруу;
- Предмет (предметтер) боюнча окуу сааттарын теманын бөтөнчөлүгүн, программанын бөлүмдөрүн эске алуу менен жана окуу планына ылайык пландаштыруу.

*Уюштуруу-башкаруучулук ишмердик чөйрөсүндө:*

- Кесиптик ишмердикти жүзөгө ашырууда укуктук-ченемдик билимдерди колдонуу жана этикалык принциптерди кармануу;
- Кесиптик ишмердикти жүзөгө ашырууда туруктуу өнүгүү принциптерин эске алуу, билим берүү процессинде окуучулардын ден соолугун жана өмүр коопсуздугун коргоо;
- Кесиптик ишмердиктеги милдеттерди чечүү үчүн коомдук жана билим берүү мекемелеринин, балдар жамааты менен ата-энелердин ортосундагы карым-катышты уюштуруу;
- Педагогикалык процесске катышкан бардык субъектилердин ортосунда позитивдүү жана конструктивдүү инсан аралык мамилени уюштуруу.

*Кесиптик өнүгүү чөйрөсүндө:*

- Ишмердүүлүккө кесиптик ой жүгүртүү (рефлексия);
- Кесиптик ой жүгүртүүнүн негизинде өзүн-өзү өнүктүрүү боюнча милдеттерди коюу;
- Кесиптик өзүн-өзү өнүктүрүүнү жана личносттук өсүштү ишке ашыруу, мындан аркы билим берүү траекториясын жана кесиптик өсүштү долбоорлоо.

## 4. НББПны ишке ашыруунун шарттарына карата жалпы талаптар

**4.1.** НББПны ишке ашырууда ЖАМУнун милдеттерине жана укуктарына коюлган жалпы талаптар.

**4.1.1.** ЖАМУ даярдоонун багыты боюнча негизги билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. НББП Кыргыз Республикасынын даярдоо багыттары боюнча эмгек рыногунун керектөөлөрүн эсепке алуу менен тийиштүү мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыгат.

ЖАМУ илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана коомдук чөйрөнүн өнүгүүсүн эсепке алып, ЖАМУда билим берүүнүн сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча төмөндөгүлөрдө камтылган сунуш-көрсөтмөлөрдү кармануу менен жыл сайын жаңылап турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияларды иштеп чыгуу;
- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен кайра карап чыгуу, мониторинг жүргүзүү;
- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билимдеринин жана билгичтиктеринин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин баалоонун объективдүү процедураларын иштеп чыгуу;
- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуу;
- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылуу, аларды колдонуунун натыйжалуулугун, мунун ичинде окуп жаткандарды сурап билүү жолу менен дагы, көзөмөлдөө;
- өзүнүн ишин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү мекемелери менен катар коюп салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн-өзү изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүү;
- өз ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары, пландар жана инновациялар тууралуу маалыматты коомчулукка жеткирүү.

**4.1.2.** Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо алардын учурдагы, аралыктагы жана жыйынтыктоочу аттестациясын камтышы зарыл. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү аттестациялоо үчүн НББПнын баскычтуу жана жыйынтыкоочу талаптарына ылайык алардын жеке жетишкендиктерине дал келген типтүү тапшырмалар, текшерүү иштер, тесттер ж.б. камтылган билимин, билгичтигин жана калыптандырылган компетенцияларын баалоого шарт түзүүчү баалоо каражаттарынын базасы түзүлөт. Баалоо каражаттарынын базасы ЖАМУда иштелип чыгат жана бекитилет.

НББПда ар бир дисциплиналар циклынын (ДЦ) вариативдик бөлүгүнүн үчтөн бир

бөлүгүнөн кем эмес өлчөмдөгү студенттер тандаган дисциплиналарды камтылышы зарыл. Студенттердин тандоо курстарын түзүү тартиби жетектөөчү кыргыз тили жана адабияты кафедрасы тарабынан аныкталып, ЖАМУнун ректору тарабынан бекитилет.

Бүтүрүүчү квалификациялык иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана структурасына коюлган талаптар ЖАМУнун бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан өткөрүү жөнүндөгү Жобону эсепке алуу менен ЖАМУ тарабынан аныкталат.

ЖАМУ өз окуу программасын түзүүдө студенттердин катышуусуна реалдуу мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

ЖАМУ НББПны түзүүдө студенттердин укуктары менен милдеттерин тааныштырууга милдеттүү, студенттер тандап алган дисциплиналар алар үчүн милдеттүү экендигин түшүндүрөт, алардын ишинин көлөмүнүн суммасы окуу планында көрсөтүлгөндөн кем болбоого тийиш.

**4.1.3.** НББПны иштеп чыгууда бүтүрүүчүлөрдүн коомдук-личносттук компетенцияларын (мисалы, коомдук өз ара аракеттешүү, өзүн-өзү уюштуруу жана башкаруу, системалык-ишмердик мүнөз компетенциялары) калыптандыруудагы ЖАМУнун мүмкүнчүлүктөрү аныкталууга тийиш. ЖАМУнун өзүндө социалдык-маданий чөйрөнү түзүп калыптандырууга, инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл шарттарды түзүүгө милдеттүү.

ЖАМУнун окуу процессинин коомдук-тарбиялык компонентин, анын ичинде студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүсүн, студенттердин коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, студенттик илимий коомдордун ишине катышуусун жөндөмдөштүрүүгө тийиш.

**4.1.4.** ЖАМУнун НББПсы студент ар бир окуу сабактарынын вариативдик бөлүгүнүн үчтөн биринен кем эмес көлөмүн тандагыдай кылып түзүлүшү керек. Дисциплиналарды студенттин тандоосу боюнча түзүүнүн иретин ЖАМУнун окумуштуулар кеңеши аныктайт.

**4.1.5.** ЖАМУнун студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү.

**4.1.6.** ЖАМУ НББПны түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттүүлүктөрү менен тааныштырууга, студенттер тандап алган окуу сабактары алар үчүн милдеттүү болуп эсептелинерин, ал эми алардын суммалык эмгек сыйымдуулугу окуу мерчеминде каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө милдеттүү.

**4.2.** Студенттин НББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттүүлүктөрүнө карата жалпы талаптар**.**

**4.2.1.** Студенттер НББПда алдын ала каралып студенттин тандоосу боюнча окуу дисциплиналарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу көлөмүнүн чегинде белгилүү бир дисциплиналарды тандоого укуктуу.

**4.2.2.** Студент өзүнүн жеке билим траекториясын түзүүдө дисциплиналарды тандоо жана алардын болочок адистигине таасири жөнүндө кеп-кеңеш алууга укуктуу.

**4.2.3**. НББПны өздөштүрүүдө натыйжалуулукка жетишүү максатында КИЖМКны өнүктүрүү бөлүгүндө студенттер студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катыша алат.

**4.2.4.** Студенттер ЖАМУнун НББПсында алдын ала каралган бардык тапшырмаларды аныкталып белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

**4.3.** Студенттин окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен, жумасына 45 саатты түзөт.

Жумасына аудиториялык сабактардын күндүзгү окуу формасындагы көлөмүн ЖКББнын деңгээлин жана даярдоонун багытынын бөтөнчөлүгүн эсепке алуу менен, ар бир окуу сабагын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35%дык чегинде МББС

аныктайт.

Окуу дисциплинасы боюнча өз алдынча ишке бөлүнгөн сааттардын ичинде ошол дисциплина боюнча экзаменге (модулга) даярданыш керек болгон убакыт дагы камтылат.

**4.4.** Күндүзгү (кечки) окуу формасында аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан аз болбошу керек.

**4.5.** Сырттан окуу формасында студенттин окутуучу менен сабак окуу мүмкүнчүлүгү жылына 160 сааттан аз эмес көлөмдө камсыз кылынууга тийиш.

**4.6.** Окуу жылындагы каникулдук убакыттын жалпы көлөмү 7-10 жумадан кем эмес, мунун ичинде кыш мезгилиндегиси 2 жумадан кем эмес, болушу керек.

## 5. КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ ПРОФИЛИ БОЮНЧА БАКАЛАВРЛАРДЫ ДАЯРДООНУН НББПсына карата ТАЛАПТАР

**5.1.** Бакалаврды даярдоонун НББПсын өздөштүрүүнүн натыйжаларына карата талаптар.

Даярдоонун **550300 Филологиялык билим берүү** багыты кыргыз тили жана адабияты профили боюнча "бакалавр" квалификациясы ыйгарылган бүтүрүүчү НББПнын максаттарына жана кесиптик ишмердиктин ЖКББ МББСнын 3.4. жана 3.8. пункттарында көрсөтүлгөн милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болууга тийиш:

**а) универсалдык:**

*– жалпы илимий (ЖИК):*

**ЖИК-1**. Бизди курчап турган дүйнө жөнүндөгү илимий билимдерди колдонууга жана ага сын көз менен кароого, турмуш баалуулуктарына, маданиятка багыт алууга, активдүү жарандык позицияга ээ болууга, адамдарды урматтоого жана толеранттуулукка жөндөмдүү болуу;

– *инструменталдык (ИК):*

**ИК-1.** Мамлекеттик, расмий тилде жана иш, окуу чөйрөсүндөгү чет тилдердин биринде иштиктүү баарлашуу жүргүзүүгө жөндөмдүү болуу;

**ИК-2.** Иш жана окуу чөйрөсүндөгү татаал маселелерди чечүү үчүн маалыматтык технологияларды колдонуу менен жаңы билимдерди алууга жана колдонууга жөндөмдүү болуу;

**ИК-3.** Кесиптик ишмердигинде ишкердик билимдерди жана билгичтиктерди колдонууга жөндөмдүү болуу.

– *коомдук-инсандык жана жалпы маданий компетенция (КИЖМК):*

**КИЖМК-1.** Белгилүү бир адамдардын же топтордун кесиптик ишмердигинде максаттарга жетишүүнү камсыздоого жөндөмдүү болуу.

– *кесиптик (КК):*

**КК-1.** Кесиптик маселелерди чечүүдө психологиялык-педагогикалык билимди колдоно алат жана кесиптик ишмердүүлүгүндө педагогикалык изилдөөнүн жыйынтыктарын колдонууга жөндөмдүү;

**КК-2**. Методикалык маселелерди чечүү ыкмаларын (моделдер, методика, окутуунун технологиялары жана ыкмалары) билет жана окутуунун сапатын баалоо технологияларын колдонууга жөндөмдүү;

**КК-3.** Окуу процесси үчүн окутуунун инсанга жана туруктуу өнүгүүгө (сергек жашоо, жаратылышты коргоо жана рационалдуу колдонуу, энергоэффективдүүлүк, маданий көп түрдүүлүк, гендер, инклюзия ж.б.) багытталган принциптерине оптималдуу шарт түзүүгө жөндөмдүү;

**КК-4**. Окутулгандарды социалдаштыруунун ыкмаларын, техникасын, методикасын билет жана окуучулардын кесиптик өзүн-өзү аныктоосу үчүн шарт түзүүгө жөндөмдүү;

**КК-5.** Туруктуу улуттук баалуулуктардын негизинде окуучуларды руханий-нравалык

жактан тарбиялоонун принциптери менен шарттарын түзүүгө жөндөмдүү;
**КК-6**. Билим берүү жана тарбия маселелери боюнча эксперттик-кеңеш берүүчүлүк иштерге катышууга, инновациялык долбоорлорго катышууга, ошондой эле учурдагы коомдук-маданий параметрлерди эске алуу менен долбоорлорду иштеп чыгууга жөндөмдүү;
**КК-7**. Окуу программаларын өз алдынча тандай билет, аларга дидактикалык материалдарды ылайыктайт жана педагогикалык рефлексиянын негизинде окуу процессине адаптапцияланганда кийин аларды колдоно алат;
**КК-8**. Программалардын темалары менен бөлүмдөрүнүн бөтөнчөлүгүн эске алуу менен жана окуу планына ылайык предмет (предметтер) боюнча окуу сабактарын пландаштырууга жөндөмдүү;
**КК-9**. Интерактивдүү формаларды жана окутуу усулдарын колдонуу менен педагогикалык ишмердикти жүзөгө ашырууга жөндөмдүү;
**КК-10**. Окуучулардын ар кандай чөйрөдөгү (акыл, коомдук, моралдык ж.б.) өнүгүү деңгээлин аныктай алат жана ага жараша ар түрдүү терс таасирлерге (зомбулук, ичимдик жана баңги заттарын колдонуу ж.б.) жол бербөө үчүн алдын алуу иштерин жүргүзүүгө жөндөмдүү;
**КК-11**. Интеграцияланган жалпы жана кесиптик билимдердин, анын ичинде иш жана окуу чөйрөсүндөгү теориялар менен принциптерди сын ой жүгүртүү менен түшүнүүнү камтыган билимдердин кеңири диапазонуна ээ;
**КК-12**. Өзү үйрөнгөн тилинин адабияты жөнүндө анын тарыхый өнүгүү жана азыркы абалында билимдерге ээ;
**КК-13.** Үйрөнүлгөн тилдеги оозеки жана жазуу кебин кабылдоо, түшүнүү, ошондой эле көп кырдуу анализдөө билгичтиктерине ээ;
**КК-14**. Тексттердин ар түрдүү типтерин жана түрлөрүн чечмелөө, иштеп чыгуу, түзүү жана трансформациялоо, усулдарды, анализ ыкмаларын колдонууга жөндөмдүү;
**КК-15.** Тексттердин ар түрдүү типтерин лингвистикалык (адабият таануучулук дагы) көз караште өз алдынча анализдөөгө, чечмелөөгө жөндөмдүү;
**КК-16.** Үйрөнүлгөн тилде тилдин социомаданий өзгөчөлүктөрүнө ылайык оозеки жана жазуу түрүндө баарлашуу стратегияларын түзүүгө жөндөмдүү;
**КК-17.** Тилге жана адабиятка интеграциялап окутуу усулдарын колдонууга жөндөмдүү;
**КК-18.** Жүргүзүлгөн кесиптик рефлексиянын негизинде жеке өнүгүү боюнча милдеттерди коё алат.

Бакалаврды даярдоо үчүн билим берүү программаларын иштеп чыгууда бардык универсалдык компетенциялар, ошондой эле кесиптик ишмердиктин бул программа багытталган кесиптик компетенциялары дагы, программанын окутуунун жыйынтыктары талап кылган тобуна кирет. Даярдоо процессинде окуучу аны даярдоонун белгилүү бир профилине байланышкан башка (атайын кесиптик) компетенцияларын алса болот.

Профиль 5тен кем эмес аталыштагы кошумча атайын кесиптик компетенциялар менен жана ЖАМУ тарабынан өзүнчө аныкталат. Профилдердин тизмеси ОМБда бекитилет.

Кошумча компетенциялардын тизмеси квалификациялардын улуттук рамкасынын, квалификациялар менен кесиптик стандарттардын (эгер болсо) тармактык / сектордук чектеринин негизинде аныкталат.

**НББПны өздөштүрүүнүн натыйжалары жана калыптандырылуучу компетенциялар**

| Окутуу натыйжалары | Калыптандырылуучу компетенциялар |
| --- | --- |
| **1-ОН** – гуманитардык жана табигый илимдердин негизги жоболорун пайдалануу аркылуу | **ЖИК-1**. Бизди курчап турган дүйнө жөнүндөгү илимий билимдерди колдонууга жана ага сын көз менен кароого, турмуш баалуулуктарына, маданиятка багыт алууга, активдүү жарандык позицияга ээ болууга, адамдарды урматтоого жана толеранттуулукка жөндөмдүү болуу; |

| | |
|---|---|
| учурдагы жашоого багыт алууга жөндөмдүү. | **ИК-1.** Мамлекеттик, расмий тилде жана иш, окуу чөйрөсүндөгү чет тилдердин биринде иштиктүү баарлашуу жүргүзүүгө жөндөмдүү болуу;<br>**КИЖМК-1.** Белгилүү бир адамдардын же топтордун кесиптик ишмердигинде максаттарга жетишүүнү камсыздоого жөндөмдүү болуу.<br>**КК-3.** Окуу процесси үчүн окутуунун инсанга жана туруктуу өнүгүүгө (сергек жашоо, жаратылышты коргоо жана рационалдуу колдонуу, энергоэффективдүүлүк, маданий көп түрдүүлүк, гендер, инклюзия ж.б.) багытталган принциптерине оптималдуу шарт түзүүгө жөндөмдүү; |
| **2-ОН** – кесиптик ишмердүүлүгүндө маалымат менен иштөөнүн негизги ыкмаларын, программалык каражаттарды пайдаланат. | **ИК-2.** Иш жана окуу чөйрөсүндөгү татаал маселелерди чечүү үчүн маалыматтык технологияларды колдонуу менен жаңы билимдерди алууга жана колдонууга жөндөмдүү болуу;<br>**ИК-3.** Кесиптик ишмердигинде ишкердик билимдерди жана билгичтиктерди колдонууга жөндөмдүү болуу.<br>**КК-4**. Окутулгандарды социалдаштыруунун ыкмаларын, техникасын, методикасын билет жана окуучулардын кесиптик өзүн-өзү аныктоосу үчүн шарт түзүүгө жөндөмдүү; |
| **3-ОН** – психологиялык жана педагогикалык билимдерин кесиптик жана турмуштук маселелерди чечүү үчүн пайдаланат. | **КК-1.** Кесиптик маселелерди чечүүдө психологиялык-педагогикалык билимди колдоно алат жана кесиптик ишмердүүлүгүндө педагогикалык изилдөөнүн жыйынтыктарын колдонууга жөндөмдүү;<br>**КК-5.** Туруктуу улуттук баалуулуктардын негизинде окуучуларды руханий-нравалык жактан тарбиялоонун принциптери менен шарттарын түзүүгө жөндөмдүү;<br>**КК-6**. Билим берүү жана тарбия маселелери боюнча эксперттик-кеңеш берүүчүлүк иштерге катышууга, инновациялык долбоорлорго катышууга, ошондой эле учурдагы коомдук-маданий параметрлерди эске алуу менен долбоорлорду иштеп чыгууга жөндөмдүү;<br>**КК-10**. Окуучулардын ар кандай чөйрөдөгү (акыл, коомдук, моралдык ж.б.) өнүгүү деңгээлин аныктай алат жана ага жараша ар түрдүү терс таасирлерге (зомбулук, ичимдик жана баңги заттарын колдонуу ж.б.) жол бербөө үчүн алдын алуу иштерин жүргүзүүгө жөндөмдүү; |
| **4-ОН** – окутуунун түрдүү (традициялык жана инновациялык) методдорун, формаларын жана баалоо технологияларын пайдаланып, билим берүү процессин уюштурат. | **КК-2**. Методикалык маселелерди чечүү ыкмаларын (моделдер, методика, окутуунун технологиялары жана ыкмалары) билет жана окутуунун сапатын баалоо технологияларын колдонууга жөндөмдүү;<br>**КК-9**. Интерактивдүү формаларды жана окутуу усулдарын колдонуу менен педагогикалык ишмердикти жүзөгө ашырууга жөндөмдүү;<br>**КК-14.** Тексттердин ар түрдүү типтерин жана түрлөрүн чечмелөө, иштеп чыгуу, түзүү жана трансформациялоо, усулдарды, анализ ыкмаларын колдонууга жөндөмдүү;<br>**КК-17.** Тилге жана адабиятка интеграциялап окутуу усулдарын колдонууга жөндөмдүү илимдердин кеңири диапазонуна ээ. |

| | |
|---|---|
| **5-ОН** – кыргыз тилинин, адабиятынын негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү жана өнүгүү тенденциялары жөнүндө билимдерди пайдаланат. | **КК-8**. Программалардын темалары менен бөлүмдөрүнүн бөтөнчөлүгүн эске алуу менен жана окуу планына ылайык предмет (предметтер) боюнча окуу сабактарын пландаштырууга жөндөмдүү;<br>**КК-11**. Интеграцияланган жалпы жана кесиптик билимдердин, анын ичинде иш жана окуу чөйрөсүндөгү теориялар менен принциптерди сын ой жүгүртүү менен түшүнүүнү камтыган;<br>**КК-12**. Өзү үйрөнгөн тилинин адабияты жөнүндө анын тарыхый өнүгүү жана азыркы абалында билимдерге ээ; |
| **6-ОН** – тил илими жана адабият таануу тармагында илимий сүрөттөөнүн, изилдөөнүн методдоруна жана ыкмаларына ээ болот. | **КК-13.** Үйрөнүлгөн тилдеги оозеки жана жазуу кебин кабылдоо, түшүнүү, ошондой эле көп кырдуу анализдөө билгичтиктерине ээ;<br>**КК-15.** Тексттердин ар түрдүү типтерин лингвистикалык (адабият таануучулук дагы) көз караште өз алдынча анализдөөгө, чечмелөөгө жөндөмдүү.<br>**КК-16.** Үйрөнүлгөн тилде тилдин социомаданий өзгөчөлүктөрүнө ылайык оозеки жана жазуу түрүндө баарлашуу стратегияларын түзүүгө жөндөмдүү; |
| **7-ОН** – рефлексиянын негизинде өз ишмердүүлүгүнө баа берет, түзөтүү киргизет жана өзүн өнүктүрүүнү пландаштырат. | **КК-7**. Окуу программаларын өз алдынча тандай билет, аларга дидактикалык материалдарды ылайыктайт жана педагогикалык рефлексиянын негизинде окуу процессине адаптапциялангандан кийин аларды колдоно алат;<br>**КК-18.** Жүргүзүлгөн кесиптик рефлексиянын негизинде жеке өнүгүү боюнча милдеттерди кое алат. |

**5.2. 550300 Филологиялык билим берүү** багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча бакалаврларды даярдоонун НББПнын түзүмүнө талаптар

Бакалаврларды даярдоонун НББП төмөндөгү окуу циклдерин үйрөнүүнү караштырат (таблица):

**550300 Филологиялык билим берүү багыты боюнча бакалаврларды даярдоонун НББП тармагы**

1-таблица

| **Бакалаврларды даярдоонун НББП тармагы** | | **Бакалаврларды даярдоонун НББП жана анын блокторунун кредиттер иретиндеги көлөмү** |
|---|---|---|
| 1-блок | Дисциплиналар | |
| | Гуманитардык, коомдук жана экономикалык цикл<br>Математикалык жана табигый цикл<br>Кесиптик цикл | 20-35 сан ОМБ тарабынан аныкталат<br>15-20 сан ОМБ тарабынан аныкталат<br>140-160 сан ОМБ тарабынан аныкталат |
| 2-блок | Практика | 15-25 |
| 2-блок | Мамлекеттик жыйынтыктоочу сынак | 10-15 |
| **Бакалаврларды даярдоонун НББП ЖКББ көлөмү** | | 240 |

ЖАМУ бакалаврларды даярдоонун НББПсын ЖББСтин талаптарына ылайык иштеп

чыгат жана квалификациялардын улуттук рамкасына ылайык билим берүүнүн жыйынтыктарына жетишүү жоопкерчилигин алып жүрөт.

Бакалаврларды даярдоонун НББПсынын ар бир блогуна тийиштүү дисциплиналардын (модулдардын) жыйындысын жана алардын татаалдыгын ЖАМУ өз алдынча блок үчүн белгиленген көлөмгө ылайык, аны өздөштүрүүнүн жыйынтыктарына карата талаптарды эске алып, квалификациялардын улуттук рамкасы тарабынан каралган билим берүү жыйынтыктарынын жыйындысы түрүндө иштеп чыгат.

**5.2.1.** Бакалаврларды даярдоонун НББПсы төмөнкүлөрдү:

- Тизмеси жана татаалдыгы Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү мамлекеттик тиешелүү орган тарабынан аныкталган гуманитардык, коомдук жана экономикалык циклдердеги милдеттүү дисциплиналарды;

- 360 сааттан кем эмес көлөмдөгү, өздөштүрүү үчүн милдеттүү деп саналган, бирок кредиттерге которулбаган жана бакалаврларды даярдоонун НББПнын көлөмүнө кирбеген дене тарбия жана спорт боюнча дисциплиналарды жүзөгө ашырууну камсыздалды.

**5.2.2.** «Практика» деген 2-блок тааныштыруу (адаптациялык-педагогикалык) жана педагогикалык (кесиптик-базалык, кесиптик-профилдик,) практикаларды камтыды.

ЖАМУ практиканын бир же бир нече түрүн тандоого, ошондой эле белгиленген кредиттердин чегинде практиканын кошумча тибин киргизүүгө укуктуу.

**5.2.3.** «Мамлекеттик жыйынтыктоочу сынак» деген 3-блок мамлекеттик сынак тапшырууну, ага чейинки даярдыкты, бүтүрүүчү квалификациялык иштерди аткарууну жана коргоону (эгерде ЖАМУнун бүтүрүүчүсү квалификациялык ишти жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактын тутумуна киргизген болсо) камтыйт.

**5.2.4.** Бакалаврларды даярдоонун НББПсынын чегинде милдеттүү жана элективдик бөлүктөр аныкталат.

Бакалаврларды даярдоонун НББПсынын милдеттүү бөлүгүнө квалификациялардын улуттук чегинин деңгээлдерин эске алуу менен жалпы илимий, универсалдык, коомдук-личносттук, жалпы маданий жана кесиптик компетенциялардын калыптанышын камсыздай турган дисциплиналар жана практикалар тиешелүү.

Мамлекеттик аттестациянын көлөмүн эске албаганда, милдеттүү бөлүктүн көлөмү бакалаврларды даярдоонун НББПсынын жалпы көлөмүнүн 50дөн көп эмес %ын түзүүгө тийиш.

Бакалаврларды даярдоонун НББПсынын элективдик бөлүгүндө студенттер тиешелүү багыт боюнча дисциплиналарды тандай алышат, ошондой эле бакалаврларды даярдоонун НББПсынын башка багыттарынын дисциплиналарынан дагы тандоого болот.

**5.2.5.** Бакалаврларды даярдоонун НББПсы боюнча ЖАМУ ден соолугу жагынан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга (өздөрүнүн арызы боюнча) алардын психофизикалык өнүгүүсүнүн, жеке мүмкүнчүлүктөрүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алып окуганга, жана, зарылдыгына жараша, НББПдан тышкары, ден соолугу боюнча окууга каршы жактарын караштырып, ал адамдардын өнүгүүсүнүн жана коомдук адаптациясынын бузулушун коррекциялоону камсыздаганга мүмкүнчүлүк бериши керек.

**5.3.** Бакалаврлардын негизги окуу программаларын ишке ашыруу шарттарына коюлуучу талаптар

**5.3.1. Окуу процессин кадрлар менен камсыздоо**

550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча бакалаврды даярдоодо ишке ашыруу окутулуучу дисциплиналар боюнча базалык билими бар, илимий даражага ээ болгон жана тиешелүү чөйрөдө ишмердик тажрыйбасын топтогон жана үзгүлтүксүз илимий жана илимий-методикалык ишмердикте эмгектенген кадрлар менен камсыздалат.

Кесиптик циклдин окутуучулары, эрежеге ылайык, магистр, илимдин кандидаты, илимдин доктору эрежелерине ээ жана (же) тиешелүү кесиптик чөйрөдө ишмердик тажрыйбасына ээ болууга тийиш.

Кыргыз тили жана адабияты кафедрасында илимдин доктору же илимдин кандидаты илимий даражасына ээ окутуучулар окулган дисциплиналардын, лекциялардын үлүшү дисциплиналардын жалпы санынын 60% дан аз эмес бөлүгүн түзөт.

Илимий даражага жана /же илимий наамга ээ окутуучулардын жалпы санынын 10%га чейинкиси бул багыт (профиль) боюнча жетекчи кызматтарда эң кийинки 10 жылдык практикалык эмгек стажына ээ окутуучулар же алдыңкы адистер тарабынан алмаштырылат.

Бакалавриат программасынын жетекчилери өз алдынча изилдөө (ойлоп табуучулук) долбоорлорун үзгүлтүксүз жүргүзүшөт же ага катышышат. Ата мекендик (УАКтын тизмесиндеги журналдарга) жана/же чет өлкөлүк илимий журналдарга, профиль боюнча илимий конференциялардын жыйнактарында жарык көргөн макалалары бар, үч жылда бир жолу квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүшөт.

**5.3.2.** Окуу процессин окуу-усулдук жана маалыматтык жактан камсыздоо

НББП окуу-методикалык документтер жана НББПнын бардык окуу модулдарынын материалдары менен камсыздалуусу зарыл.

Окутуу процессинде 550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча бакалаврды даярдоочу НББПнын окуу-усулдук жана маалыматтык жактан камсыздалышы толук түрдө дисциплиналардын окуу-усулдук комплекстерде, практикаларда жана жыйынтыктоочу аттестацияларда камтылган.

Окуу-усулдук комплекстердин (ОУК) мазмуну студенттердин өз алдынча иштөөсүн камтыган билим берүүнүн зарыл болгон деңгээлдерин студенттин өз алдынча иши менен кошо камсыздайт, студенттин НББПны толук жана анын айрым компоненттерин өздөштүрүүсүн сапатын көзөмөлдөйт.

Окуу-усулдук камсыздалышын иштеп чыгууда компетенттүү мамиле эске алынат. Практикалык сабактардын (лабораториялык иштерди кошкондо) үлүшү аудиториялык сабактардын санынын көлөмүнүн 50%ын түзөт. Аны эсепке алганда окуу планындагы ар бир дисциплина, педагогикалык практика боюнча практикалык даярдыгы каралган.

НББПны ишке ашыруу ар бир студенттин негизги билим берүү программасындагы дисциплиналардын (модулдардын) толук тизмеси боюнча түзүлгөн маалыматтар базасына жана китепкана фондуна, бардык дисциплиналар боюнча студенттин өз алдынча ишти аткаруусу үчүн электрондук китепкана же маалымат булактарынын дареги көрсөтүлгөн интернет торчосуна кирүүсү камсыздалат.

Ар бир окуп-үйрөнүүчү окуу планындагы бардык дисциплина боюнча басылып чыккан эмгектердин, окуу-усулдук эмгектердин же электрондук басылмалар менен жетиштүү санда камсыздалат. Кафедрада адистик дисциплиналар блогу боюнча керектүү адабияттардын жана колдонмолордун бардык электрондук версиялары сакталат.

Китепканалык фонд бардык циклдын базалык бөлүгүндөгү дисциплиналар боюнча керектүү негизги окуу адабияттары менен толукталган. Адабияттардын катарында акыркы 10 жылда басмадан чыккан эмгектер жана колдонмолор көрсөтүлгөн. ЖАМУнун китепканасында тиешелүү багыттын окуу планындагы ГСЭ циклынын базалык бөлүмүндөгү дисциплиналарды өздөштүрүү үчүн зарыл болгон акыркы 5 жылда басылып чыккан адабияттар бар.

Кошумча адабияттардын фондунда окуу адабияттарынан башка ар бир 10 студентке бирден кем эмес экземплярда расмий сурап-билүүчү-библиографиялык жана мезгилдүү басылмалар бар.

Азыркы мезгилде, ЖАМУнун китепканасынын жалпы фонду 726636 нусканы түзөт , негизги бөлүгү окуу адабияттары. КМБнын Жалал-Абад шаары боюнча жалпы фонду - 639964 нусканы түзөт, негизги бөлүгү окуу адабияттары 528961 нуска жана 16706 электрондук ресурстар менен толукталган. Жылына 3585 нускадан ашык китептер, ар түрдүү басылмалар,

электрондук ресурстар сатылып алынат.Анын ичинен 1304 нускадан ашык журнал, китеп жана башка электрондук маалымат басылмалары жана башка маалыматтык ресурстар белекке алынат.

Ар бир студентке тен кем эмес аталыштагы ата мекендик жана 3 төн кем эмес чет өлкөлүк аталыштагы журналдардын тизмесинен турган китепканалык фонддун комплектилерин пайдалануусу камсыздалган. ЖАМУнун китепканасынын жалпы китеп фонду 17 598 дааналы түзөт. Алардын ичинен:

- гуманитардык, социалдык 4 386 даана;
- табигый, математикалык 2 037 даана;
- көркөм адабият, тил илими, педагогика 6 534 даана;
- спорт 81 даана;
- кыргыз тилинде 4 560 даана. Мындан тышкары, Жалал-Абад шаарындагы борбордук китепканасындагы адабияттар да кошумча пайдаланылат.

Студенттердин ата мекендик жана чет өлкөлүк жогорку окуу жайлары, ишкана-мекемелер, уюмдар менен ыкчам маалымат алмашуу мүмкүнчүлүгү, заманбап кесиптик маалымат булактарынын, маалыматтык сурап билүүчү жана издөө системаларынын жеткиликтүүлүгү камсыздалган.

**5.3.3.** Окуу процессинин материалдык-техникалык жактан камсыздалышы

Бакалаврды даярдоодо НББПны ишке ашыруучу катары ЖАМУ окуу планында каралган дисциплиналык, дисциплиналар аралык, лабораториялык даярдыктын бардык түрлөрүн, студенттердин практикалык жана илим изилдөө иштерин жүргүзүүнү камсыздоочу санитардык жана өрткө каршы эрежелерге жана нормаларга ылайыкташкан материалдык-техникалык базага ээ.

Факультетте заманбап үлгүдөгү 30дан ашык компьютерлер бар 3 компьютердик каана, интерактивдүү доскасы бар 3 аудитория, 6 принтер, 3 ксерокс (анын ичинен 3 даанасы 3в1) бар. Бардык компьютерлер интернет менен камсыздалган локалдык торчого туташтырылган. 4 чоң лекциялык зал жана 15 окуу кáанасы бар. Кафедрага электрондук доскалар жана видеопроекторлор менен жабдылган төмөнкү окуу кааналары тиешелүү:

1. 3/301 - Мамлекеттик тил каанасы;
2. 3/303 – Сүйлөө кеби каанасы;
3. 3/304 – Грамматика каанасы ;
4. 3/306 – Илим изилдөө каанасы.

Бардык окуу кааналары санитардык жана өрткө каршы эрежелерге жана нормаларга ылайык келет, кабарлоого ылайыктуу системалар жана керектүү жабдуулар бар.

**5.3.4.** Бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо

ЖАМУ даярдоонун сапатын кепилдөөнүн төмөндөгү жолдорун камсыздайт:

- иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн катыштыруу менен бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияларды иштеп чыгуу;
- билим берүү программасын мезгил-мезгили менен рецензиялоо боюнча мониторинг жүргүзүү;
- студенттерлдин билимин жана билгичтиктерин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенциясынын деңгээлин баалоонун объективдүү жолдорун иштеп чыгуу;
- окутуучулук курамдын компетенттүүлүгүн жана сапатын камсыздоо;
- өз ишмердүүлүгүн (стратегиясын) баалоо үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн-өзү текшерүүнү тынымсыз жүргүзүү жана иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн тартуу менен анын ишмкердүүлүгүн башка билим берүү мекемелери менен салыштыруу.

НББПны өздөштүрүүнүн сапатын баалоо студенттин жетишүүсүн учурдагы текшерүүнү, аралыктагы аттестациялоону жана бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өзүнүн ичине камтыйт. ЖАМУ тарабынан ар бир дисциплина боюнча алган билимдерин учурдагы жана аралыктагы жетишүүнүн конкреттүү

формалары жана чаралары иштелип чыгат жана студенттерге окутуунун биринчи айынын ичинде маалымат берилет.

Студенттерди аттестациялоодо НББПнын баскычтуу талаптарына (жетишүүнү учурдагы текшерүү жана аралыктагы аттестация) ылайык алардын жеке жетишүүсүн баалоо үчүн типтүү тапшырмаларды, текшерүү иштерин, тесттерди жана текшерүү методдорун жана калыптанган компетенциялардын деңгээлин камтыган баалоо каражаттарынын фонду түзүлгөн. Баалоо каражаттарынын фонду ЖАМУда иштелип чыгып, бекитилет.

ЖАМУда студенттин билимин учурдагы текшерүүнүн жана аралыктагы аттестациянын программасын алардын келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнүн шарттарына максималдуу жакындатуу үчүн конкреттүү дисциплинанын окутуучусунан башка тышкы эксперт катары иш берүүчүлөрдү, окутуучуларды, аралаш дисциплиналарды окутуучуларды ж.б. активдүү тартууга шарт түзүлгөн.

Студенттерге окуу процессинин мазмунуна, уюштурулушуна жана жалпы сапатына жана айрым окутуучулардын ишине баа берүү мүмкүнчүлүгү берилет.

**Практиканы өткөрүүнүн шарттарына коюлган жалпы талаптар**

Бакалаврдын негизги билим берүү программасынын **"Практика"** бөлүгү билим берүүчү болуп эсептелет жана студенттердин кесиптик-практикалык даярдыгына түздөн-түз багытталган окуу иштеринин түрлөрүн өз ичине камтыйт. Практиканын конкреттүү түрлөрү ЖАМУнун НББПда аныкталат. Практиканын ар бир түрү боюнча максат, милдеттер, программалар жана отчеттуулуктун формалары ЖАМУ тарабынан аныкталат.

**Адаптациялык-педагогикалык практика** окуу процессинин графигине ылайык экинчи курстун IV семестринде үзгүлтүксүз өткөрүлөт жана ал сабактардын жадыбалын түзүүдө эске алынат. Практиканын негизги максаты - окуу-тарбия процесси, мектептен жана класстан тышкаркы иштердин уюштурулушу менен жалпы таанышуу, жалпы билим берүү мекемелеринде тарбиялык иштерди жүргүзүүнүн башталгыч практикалык көндүмдөрүн алуу. Практика учурунда студенттер мектептин окуу жана тарбиялык иштери менен таанышышат жана жыйындарга, майрамдарга, сүйлөшүүлөргө, маалыматтарга даярданууга катышышат, окуучулар менен кошумча жана жеке сабактарды өтүшөт, дептерлерди жана күндөлүктөрдү текшеришет. Практиканын жыйынтыгы менен практиканттар долбоорлорду жазышат, аягында отчетторун тапшырышат. Жыйынтык боюнча дифференцияланган баа коюлат.

Студенттер үчүнчү курста **кесиптик-базалык практика** учурунда класстардагы окуу жана тарбиялык иштерди өтүүнүн усулдарын өздөштүрүшөт, коомдук мекемелердин иштөө ыкмалары жана мазмуну, предметтик кааналардын, ийримдердин иштери менен таанышышат, предметтик кече, окуу, тарбиялык жана класстан тышкаркы сабактарды өткөрүүнү үйрөнөт, айрым окуучулардын жеке адамдык өзгөчөлүгүн жана класстык жамаатты байкоого алуу сыяктуу керектүү билгичтиктерди өздөштүрүшөт. Кесиптик-базалык практиканын жыйынтыгы боюнча отчет жана практика жетекчисинин пикири талап кылынат. Жыйынтык боюнча дифференцияланган баа коюлат.

**Кесиптик-профилдик педагогикалык практикада** студенттер орто жана жогорку класстардагы мугалимдин ролуна өтүшөт. Кесиптик-профилдик педагогикалык практиканын мазмуну даярдоонун профилине туура келиши керек. Педагогикалык практиканын бөлүмдөрүндө студенттер илимий-изилдөөчүлүк долбоорлорду иштеп чыгуусу мүмкүн. Андай учурда программада илимий-изилдөөчүлүк долбоорунун бар экендигин эске алып, жогорку окуу жайы студенттин тандоо мүмкүнчүлүгүн көрсөтүшү керек:

- илимий-педагогикалык адабияттарды жана башка атайын маалыматтарды, билим алуу тармагына тиешелүү ата мекендик жана чет өлкөлүк илим жана билим берүүнүн жетишкендиктерин окуп-үйрөнүү;
- илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө же долбоордун иштелмелерин даярдоого катышуу;
- тема же анын бөлүмү боюнча отчет түзүү;

- конференцияларда доклад менен чыгып сүйлөө;

Педагогикалык практиканын бир формасы катары мектеп курагындагы балдар үчүн эс алуучу жайларда өткөрүлүүчү жайкы педагогикалык практика эсептелет.

**НББПны ишке ашырууда билим берүү процессинин мазмунун жана уюштурулушун жөнгө салуучу документтер**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы №53 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим билим берүүнү уюштуруу жөнүндөгү Жобосуна" жана билим берүүнүн бардык формасы жана деңгээли боюнча сабактардын негизги түрлөрүн уюштуруу боюнча ЖКББ МББСга ылайык мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык түзүлгөн окуу пландары жана программалары аркылуу аныкталат. Окутуунун мөөнөтү, окуу жылынын башталышы жана аякталышы, милдеттүү окуу сабактары боюнча студенттин жумалык жүктөмү жана экзамендик сынактардын, каникулдардын мөөнөтү жана узактыгы, практикалык окуунун түрлөрү жана жыйынтыктоо формалары мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык түзүлгөн окуу пландарында белгиленет.

**Календардык окуу графиги.** 550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профилин даярдоодо НББПны ишке ашыруунун жыл боюнча ырааттуулугу (теориялык окууну, практикаларды, учурдагы жана аралыктагы аттестацияны, каникулдарды кошкондо) базалык жана жумушчу окуу пландарында белгиленет.

**Окуу планы.** Бул билим берүү программасы боюнча базалык окуу планы жана жумушчу окуу планы иштелип чыккан. Окуу планында компетенциялардын калыптандырылышын камсыздоочу ЖКББ НББП циклдарын жана бөлүмдөрүн (дисциплиналар, модулдар, практикалар) өздөштүрүүнүн логикалык ырааттулугу сакталган **(1-тиркеме).**

**Жумушчу окуу планы.** Жумушчу окуу планында ар бир окуу курсунун, предметтин, дисциплинанын, модулдун өлчөмү академиялык саат жана зачеттук бирдик менен көрсөтүлөт **(2-тиркеме).**

**НББП компетенциялар картасы.** Компетенциялар картасы компетенттүүлүктүн мазмунундагы компоненттер, аларды калыптандыруунун технологиялары (лекция, семинар ж.б.) жөнүндө маалымат берет. Компетентциялар картасы компетенциялардын маани-маңызын ачкан, анын 550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча ЖАМУнун бүтүрүүчүлөрүнөн күтүлүүчү натыйжалардын жыйындысындагы ордун жана маанилүүлүгүн аныктаган жана студенттеринде калыптандырылуучу компетенциялардын деңгээлин аныктаган компетенциялар паспортун түзүү үчүн кызмат кылат. Компетенцияларды калыптандыруу программасы 550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча окуу дисциплиналарын өздөштүрүүнүн натыйжасында компетенттүү мамилени калыптандыруунун траекториясын пландаштырат. НББП компетентциялар картасы тиркелет **(3-тиркеме).**

Базалык дисциплиналардын (модулдардын) аннотациясы. Окуу курстарынын, предметтердин, дисциплиналардын (модулдардын) аннотациясы тиркелет **(4-тиркеме).**

**Практикалардын аннотациялары.** Адаптациялык-педагогикалык, кесиптик-базалык жана кесиптик-профилдик практикалардын аннотациялары тиркелет **(5-тиркеме).**